Кырг
83.8
Т32

Алтынай Темирова



# КУУРЧАК ТЕАТРЫНЫН «ЧАПЛИНИ»

Кыргз
83.8
Т32

Алтынай Темирова

# КУУРЧАК ТЕАТРЫНЫН «ЧАПЛИНИ»



*сүрөтчү*

Жыргал Касмамытова

БИШКЕК 2023



Мен ал күнү өтө толкундандым. Куурчак театрда көргөндөрүмдү такыр унута албай, уктаарда да аларды ойлоп жаттым. Кыялдана көздөрүмдү жумдум.

Мен укмуштуудай бир сыйкырдуу дүйнөгө туш болдум.

– Мен Адамкалый Байбатыров болом. Өткөн кылымдын башында, куурчак ойноткуч болчумун. Илгери куурчак оюндарын үйдүн бир капшытын тосуп алып көрсөтчүмүн.

Адамкалый ата колтугунда кыстарып жүргөн бир ором чийди жазып алдын тосту да, бир карыштай кичинекей адам сөлөкөтүндөгү куурчактарды беш манжасына кийди. Адамкалый атанын өз үнүн эмес, беш манжадагы беш түрлүү кишинин үнүн угуп, оозум ачылды.



– Абышка, тоодон отун терип кел, от жагып тамак бышырайын, антпесе ачка калабыз, – деди куурчак эне ары-бери койкоңдоп.

– Байбиче, кечээ көтөрүп келген отун очоктун жанында турат, ошону жак. Мен токойго барып, кызыма жемиш терип келейин, – деди абышка кейкеңдеп.

– Токойдон кечээ аюу кубалады деп качып келбедиң беле? Бүгүн кезигип калса эмне кыласың? – деди байбичеси безилдеп.

– Ата, мен суунун жээгинен бүлдүркөн эле терип жейм, – деп кызы кошулду.



– Жок, байбиче, мен кечээ аюу менен достошуп, чогуу ырдап-бийлегем!.. Мына минтип!.. Мына минтип!..

Ал аюунун өкүргөнүн туурап, чал болуп ырдап, экөөнүн тырталаңдап бийлегенин туурады. Коён ары-бери так секирди, сагызган шакылыктады.

Мен боорум эзилгенче күлүп жыргадым.





Адамкалый ата бир кичинекей кутучанын ичинен ооз комузун алып чыкты. Колун ойнотуп: "Тоодо улар ышкырып жатат" деп, сыбызгыта какты. Мен алгач апамдын газга койгон ышкыргыч чайнеги кайнап аткан экен деп ойлодум.

Баш бармак, сөөмөй, аты жок, чыпалагына чейин бүт манжаларын кыдырта, колдорун өйдө-ылдый серпилтип күү чертти.


Ата чоор, кыл кыяк менен тааныштырып, комузун шаңшытты.

– Эми "Тактеке" оюнун көр. Бул текелерди да тиги куурчактардай эле жыгачтан оюп жасагам, – деди ал мага.

– Сиз жакшы ойнойт экенсиз, мага абдан жакты! – дедим мен суктана.

Ал манжаларына узун жиптердин бир учун илди. Экинчи учуна байланган кайберендер комузун черткенде «тык-тык» этип ары-бери чуркап, аска-таштарда так секирип ойноп жүргөнсүдү. Каркайган мүйүздөрү менен сүзгүлөшүп, кайра тегеренип, комуз күүсүнүн ыргагында бийлеп жатышты.





– Ай-иий, укмуш экен? Кимден үйрөнгөнсүз?  – дедим мен суктана.

– Кичинекей кезимден эле өз алдымча үйрөнгөм. Бирөөлөрдүн козуларын кайтарып жүрүп, койчулардан темир комузду үйрөндүм.

Бир аз чоңойгондо, Токмок шаарына келип иштедим. Бир кыякчынын кыяк тартуу сырына кызыгып, үйрөнүп алдым. Кожоюнум менин шыгымды байкап, кетип калбасын деп кыяк сатып берди.

Кийин Пишпек шаарына келдим. Эл алдында темир комуз менен күү чертип, кыяк тартып, ар түркүн тилде элдик ырларды ырдап да жүрдүм. “Тактеке” бийлетүүнү да ошол кезде үйрөнгөм. Андан соң, окуп билим алдым. Оюндагы кызыктуу, тамашалуу окуялардын баарын өзүм ойлоп таап жазып, аны куурчактар менен коюп, элди кыдырдым.



Кийин Пишпек шаарына келдим. Эл алдында темир комуз менен күү чертип, кыяк тартып, ар түркүн тилде элдик ырларды ырдап да жүрдүм. “Тактеке” бийлетүүнү да ошол кезде үйрөнгөм. Андан соң, окуп билим алдым. Оюндагы кызыктуу, тамашалуу окуялардын баарын өзүм ойлоп таап жазып, аны куурчактар менен коюп, элди кыдырдым.





– Сиз – Чарльз Чаплиндей эле экенсиз анда?! Ал сиз сыяктуу окуяларды жазып, музыкасын коштоп, өзү аткарып оюн койгон. Бирок ал кинодо ойногон.

– Мен да анын кинолорун көргөм. Биз бир доордо жашадык. Чын эле, окшоштугубуз бар экен!

– Сиз да Чаплиндей эле өзүңүз жалгыз бүт бардыгын жеке аткарат экенсиз! Айырмасы, ал ролдорду үнү жок кинодо кыймыл-аракет менен гана аткарганында. Сиздин үнүңүз бар. Баарын укмуш туурайсыз, ырдайсыз.

– Менин учурумда куурчактарды ойноткон адам жок эле да.

РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 35474 бр

– Сизди досторума тааныштырам! Көрөсүз го, алар өнөрүңүзгө таң калышат!

– Сыйкырым түгөндү... Досторуңа салам айт. Калтырган мурастарым – силерге белек, ошолорду сактап алгыла!

– Кантип? Эмнеге? – дегиче, бул саякат-жомок да аягына чыкты дегендей, Адамкалый ата көздөн кайым болду.

Ойгонуп кетип, бул окуяны кайра башынан эстей бердим.

Мен заманбап куурчак ойнотуунун көрүнүктүү чеберлери менен таанышкым келди.





20,50
РБДЮ
35474 б/ф

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Бул китептин басылышы АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен ишке ашырылды. Китептин мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт

*автор*
Алтынай Темирова

*сүрөтчү*
Жыргал Касмамытова

Бул жана башка
электрондук китептерди
QR- код аркылуу
окусаңыз болот

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли

*ЖЧК «Имак Офсет» басмаканасында басылды. Нускасы 6233*
*Бишкек шаары, Матросов көчөсү, 1А*
*imakofset.kg*